«Макулдашылды»

Педогогикалык кеңешме

Токтом №_1____

“_30_”_08___2022- жыл

“Бекитемин”

Мектеп мүдүрү

Эшимканова Г.Э.

________

# Мектептин социалдык-педагогу жөнүндө ЖОБО

## Жалпы жобо

Социалдык педагог — тарыхый жана маданий каада-салттарды эске алуу менен, гуманизмдин принциптеринин негизинде педагогдор жана ата-энелер менен иш-чараларды уюштуруу, окуучулардын кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарт түзүп берүүчү мектептин кызматкери.

Социалдык педагогдун негизги милдети болуп балдардын социалдык укугун коргоо, баланын өсүп-өнүгүшүнө ылайыктуу шарт түзүү, мектеп менен уй-булөнүн ортосунда өнөктөштүк мамилелерди жана байланыштардын түзүлүшүн жолго коюу.

Социалдык педагог мектеп администрациясы, мугалимдер, уюштуруучу, класс жетекчи, окуучулар жана алардын ата-энелери менен өз ара кызматташат. өзүнүн кесиптик максатына жетүү үчүн окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын көздөгөн мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлчүлүктөрү, коомдук бирикмелер, бардык уюмдар менен байланыш түзөт, мектептин педагогикалык кеңешинин иштерине катышат, үй-бүлөө жана балдарды социалдык жактан коргоого муниципиалдык кызматкерлер жана жергиликтүү башкаруу бөлүмдөрү менен байланыш түзөт.

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгүн билим берүү мекемесинин жетекчисинин жетекчилиги астында ишке ашырылат.

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү мектептин уставы жана жобосунун негизинде ишке ашырылат.

## Социалдык педагогдун милдети:

- Мектептин социалдык педагогу көп иштерди алып барат. Анын кардарлары болуп окуучулар жана ата-энелер, ошондой эле мугалимдер эсептелишет. Негизинен социалдык педагог төмөндөгүдөй иштерди алып барат: аналитикалык жана оозеки, түзөтүү, коомдук - алдын алуу жана калыбына келтирүү, жетектөөнү уюштуруу, окуучуларга жардам берүү жана социалдык-педагогикалык колдоо көрсөтүү, коргоочулук жана ортомчулук.

## Социалдык педагогдун ролу:

Ортомчу, эксперт, кеңешчи, жактоочу, коомдук ишкер, дос, машыктыруучу, жардамчы, психотерапевт.

- Мектептин (класстын) билим берүүчүлүгүнүн тарбиялык жана ден-соолукту чыңдоо иш—чараларынын негизги багыттары талкууланат . Аларды өркүндөтүү боюнча тиешелүү сунуштарды киргизет .

- Мектептин (класстын) педогогикалык иш — пландоо, окутуу процессинин формалары жана методдору боюнча суроолорду угат .

- Мектептеги ( класстагы ) окуучуларга акы төлөнүүчү билим берүү , тарбиялык жана ден соолукту чыңдоо боюнча маселелерди талкуулайт

- Мектеп директорунун , класс жетекчинин , окуу тарбия программасынын ишке ашырылышы , окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчётун угат .

- Класс жетекчиге жайсыз уй- бүлөлөр менен иштөөгө жардам берүүчү маселелерди чечет

- Мектептеги ( класстагы) педагогикалык ишти жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет .

- Мектепте (класста) ата энелер менен бирге өткөрүлүүчү ата—энелер чогулушунун тобу , ата-энелер клубу , ачык эшик куну ж.б . иш чараларды пландоого катышат .

- Ата-энелер коомчулугунун жардамы менен мектептин айланасын, класстын бөлмөлөрдү оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүүгө материалдык - техникалык базасын чыңдоого жардам берүү жөнүндө чечим чыгарат .

- Жаңы жылда жана башка майрамдарда окуучулар менен эс-алуу иш-чараларын уюштуруу жана белек берүүнү пландаштырат.

4. Ата- энелер чогулушунун укуктары.

4.1. Ата -энелер чогулушу:

- Мектептин ( класстын ) ата- энелер комитетин шайлоого укуктуу.
- Мектептин (класстын) ата-энелер комитетинен чечимдердин кабыл алынышын жана аткарылышын көзөмөлгө алынуусун талап кылууга укуктуу .

4.2. Ата энелер чогулушунун ар бир мучөсү •

- Чогулуштун үчтөн бир бөлүгүнүн колдоосуна ээ болгон жана өзүнүн карамагына кирген каалагандай суроонун ата-энелер чогулушунда талкууга алынуусуна талап коюга укуктуу.
- Ата — энелер, чогулушунун чечими менен келишпеген учурда өзүнүн жүйөөлү пикирин айтууга жана протоколго киргизүүгө укуктуу.